
# Торгой



Автор: Анара Ажынаева

Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

# Торгой

Автор: Анара Ажынаева
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Торгой" (кыргыз тилинде), автор Анара Ажынаева, сүрөтчү Адель Дуйшеева

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Айбар эс тарткаты чоң энеси менен телефондон гана сүйлөшүп турат. Үй-бүлөсү менен Россияда жашашат. Алар башка өлкөдө жашашса да, Айбар менен  Айбийкени кыргызча сүйлөгөнгө, ырларды жаттаганга үйрөтүшөт. Бирок, Айбар кыргыз тилинде сүйлөгүсү келбейт. Себеби, аны эч ким түшүнбөйт, кыргызча сүйлөсө классташтары: “На каком языке ты разговариваешь? О чем ты говоришь?” – деп баары түшүнүшпөйт. Ошол себептен ал кыргызча сүйлөгөнгө ашыкпайт.

Айбардын үй-бүлөсү  туулуп-өскөн айылына  барганга даярдана башташты. Алардын айылга барбаганына көп жыл болду. Болжогон күнү  Кыргызстанга учуп келишип,  туугандары тосуп алышты.

–  Оу-у, чоң бала болгон турбайсыңбы! – деп атасынын иниси Айбар менен кол алышып, бетинен өөп койду.

– Здравствуйте! – деп бала бетин тосуп калды.

– Ассалоом  алейкум деп учураш! – деп агасы башынан сылады. Бардыгы агасынын машинасына түшүп алып айылды көздөй жөнөштү.  Бала жол бою мобилдик телефондон “Майнкрафт” оюну менен алек болуп келе жатты.




Анда атасы:

– Балам, карачы айлананын кооздугун. Биздин мекенибиз, берекелүү Кыргызстан деген жер ушул. Мен ушул жерде чоңойгом, – деп айланага суктана карады.

Айбар кооз жаратылышты, бийик тоолорду, чокусундагы жай мезгили болсо да эрибеген аппак карларды, жолдун жээгинде оттоп жүргөн жылкыларды, уйларды көрүп таң калды. Шаардан мындай  жаратылышты көрбөгөн Айбар үчүн бул абдан кызык эле. Ал аңгыча көпкөк болуп мөлтүрөгөн көл көрүндү.

– Көрдүңбү, Айбар, касиеттүү Ысык-Көл ушул, – деди атасы  суктана.



Айылга барганда көп кишилер тосуп турушкан экен. Алардын арасында өзгөчө сүйүнгөн чоң энеси болду.

– Алдыңа кетейин, келгениңер жакшы болбодубу! – деп ал кучагын жайып тосуп алды.

Кыргызстанга келгени Айбар көп балдар менен достошту. Алар Россиядагы досторунан айырмаланып, кыргызча сүйлөшөт.

Кызык! Айбарга атасы үйрөткөн ырларды бул балдар да билишет экен. Жаңы достору менен бат эле тил табышып аралашып кетти.



Бир жолу Максат байкеси конокко чакырды. Алар Көк-Бел жайлоосунда үч күн конушту. Жайлоонун жашоосу Айбарга башкача сезимдерди калтырды. Атка минди, селкинчек тепти, каймак жеди. Козулар менен ойноду, музоолор менен жарышып, ар бир күнүн кызыктуу өткөрдү.

Бир жолу чоң энеси:

– Кел, уулум, жаныма отур, – деп кесеге айран куюп берди. Маңдайынан сылап, чекесинен өөп эркелетти:

– Алдыңа кетейин, каралдым, жайлоо сага жактыбы?

– Ооба, абдан жакты, я бы остался здесь навсегда!

Анда чоң энеси каткырып күлүп:

– Балам, сен алыс жүрөсүң, эне тилиңди унутпа. Башка тилди бил, бирок, кыргыз баласы кыргыз экенин эсинен чыгарбашы керек, – деп кучактап койду.

– Чоң эне, тээтиги эмне бактар, башкача кооз экен, – деп сөөмөйү менен дүпүйүп өскөн тоо этегиндеги бакты көрсөттү.



– Ээ, балам, илгери Торгой деген киши жашаптыр. Ал куштардын тилин билчү дейт. Торгойдун атасы абдан бай киши болгон экен.  Ал балалуу болот. Бир күнү баласынын бешигин караса, башына торгой уя салып алган экен. Ал убакта кыргыздар көчмөн болуп жашаптыр. Эл жайлоого көчүп кетчү убак болгондо, ал торгойдун балапандарына карап көчпөй калган имиш. Торгой балапандарын чыгарып, учуп кетмейинче орун которбоптур. Ошол баласынын атын Торгой коюптур. Торгой чоңоюп эр жеткенде кедей-кембагалдарга жардам берген, элге кам көргөн  мыкты  адам болгон экен.



Кийин Торгой атанын көзү өткөндө, баласы атасына арнап көп бак отургузуптур. Ал бактар сен көрүп тургандай бийик өсүп, өзгөчө кооз токой болуптур. Ошол күндөн ушул күнгө чейин ал бактардан куш үзүлбөй, дайыма Торгой атаны эскерип, сайрап турушат дешет. Карачы, азыр да канча куш айланып учуп жүрөт, көрдүңбү? – деди энеси. – Ооба, эне, карасаң, бир, эки.., – деп таң калды.

– Балам, сен ушундай касиеттүү кишилердин тукумусуң. Ал Торгой ата сенин чоң аталарың болуп кетет. Ошол себептен ким экениңди унутпа.  Жети атаңды билесиңби?

– Ооба, атам үйрөткөн! – деп бала өзүнө-өзү ыраазы болуп, маашыркаными санап кирди.

– Азаматсың, садагаң болоюн, ошентип өзүңдүн ким экениңди, кимдин баласы экениңди,  кимдин тукуму экениңди унутпа, ээ, каралдым! – эненин жүрөгү элжиреп эркелетип, башынан сылап турду.

– Макул, эне, – деп башын ийкеди Айбар сыймыктана.

Ошентип үч ай көз ачып-жумганча өтүп, кайра Россияга кетчү мезгил жетти.

Айбар Кыргызстанга кайра да келгенин элестетип жатты.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Анара Ажынаева
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

USAIDдин "Окуу керемет!"
долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли